**Кыргыз Республикасынын**
**Судьялар кеңешинин**
**2025-жылдын «31»-октябрындагы**
**чечими менен бекитилген**

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө Ж О Б О

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти (мындан ары - Сот департаменти) жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча Кеңешинин (мындан ары-Сот адилеттиги иштери боюнча Кеңеши) ишин уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу, ошондой эле сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган башка мүнөздөгү аракеттерди жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган болуп саналат.

2. Сот департаменти өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, сот органдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, Жогорку соттун төрагасынын буйруктарын жана тескемелерин жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Сот департаменти өз ишинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (мындан ары-Жогорку сот) төрагасына жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин алдында (мындан ары — Судьялар кеңеши) жоопкерчиликтүү.

4. Сот департаменти жана анын аймактык бөлүмдөрү (облустук башкармалыктар) юридикалык жактар болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн, өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган мөөрлөрү бар, мыйзамдарга ылайык юридикалык жактын укуктарына, милдеттерине жана жоопкерчиликтерине ээ.

5. Сот департаментинин толук фирмалык аталышы:

мамлекеттик тилде – “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти”;

расмий тилде – “Судебный департамент при Верховном суде Кыргызской Республики”.

Сот департаментинин кыскартылган фирмалык аталышы:

мамлекеттик тилде – “Сот департаменти”;

расмий тилде – “Судебный департамент”.

Сот департаментинин юридикалык дареги: Кыргыз Респуликасы, Бишкек шаары, Ленин району, Малабай Джунусалиев көчөсү, 171.

## II. Сот департаментинин милдеттери:

6. Сот департаментинин негизги милдеттери сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү болуп саналат:

- жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын жана сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин ишин уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка жактан камсыз кылуу;

- Сот приставдары кызмат бөлүмүнүн ишин уюштуруу жана контролдоо.

## III. Сот департаментинин функциялары

7. Сот департаменти өз милдеттерин аткаруу үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:

7.1. Жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, Сот адилеттиги иштери боюнча Кеңештин ишин уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка камсыздоо чөйрөсүндө:

- жергиликтүү соттордун; Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайынын; судьялар Кеңешинин, Сот адилеттиги иштери боюнча Кеңештин, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн арыздары боюнча ар бир жергиликтүү сотту каржылоонун өлчөмүн көрсөтүү менен Судьялар кеңешине кезектеги финансылык жылга бюджеттердин долбоорлорун иштеп чыгат жана аларды белгиленген мөөнөттө берет;
- жыл сайын Судьялар кеңешине сот тутумунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө тиешелүү бөлүгүндө отчет берет;
- Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайын өткөрүүнү уюштурат;
- Судьялар кеңешинин ишин уюштуруучулук, техникалык, материалдык, финансылык жана методикалык жактан камсыз кылат;
- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин катчылыгынын жана Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин функцияларын аткарат;
- Сот департаментине жүктөлгөн сот органдарынын административдик имараттарын, объекттерин жана жайларын эсепке алууну жүргүзөт жана эксплуатациялык-техникалык тейлөөнү уюштурат;
- Сот департаментине жүктөлгөн сот органдарынын административдик имараттарын, объекттерин жана жайларын курууну, реконструкциялоону жана оңдоону уюштурат;
- жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, Сот адилеттиги иштери боюнча Кеңештин, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн мүлкүнүн сакталышын камсыз кылат;
- Сот департаментине жүктөлгөн сот органдарынын чыгымдарын оперативдүү, бухгалтердик жана статистикалык эсепке алууну, ошондой эле алардын чыгымдар сметасын аткарууну жүзөгө ашырат;
- Сот департаментине жүктөлгөн сот органдары үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү Мамлекеттик сатып алууну мыйзамдарда белгиленген тартипте уюштурат;
- Сот департаментине жүктөлгөн сот органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын эсепке алууну, сатып алууну, бөлүштүрүүнү, эсептен чыгарууну уюштурат;
- Сот департаментинин ишине тиешелүү статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт;
- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар, мекемелер жана ишканалар менен байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана аларды Жогорку соттун, Судьялар кеңешинин, Министрлер Кабинетинин жана Жогорку Кеңештин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизет;
- Сот департаментинин маалыматтык системасын иштеп чыгууну жана тейлөөнү уюштуруунун үстүндө иш жургузот;
- Кыргыз Республикасынын сот тутумун санариптештирүү боюнча иш-чараларды уюштурат, координациялайт жана ишке ашырат;
- Судьялар кеңешинин чечимдеринин негизинде мыйзамда белгиленген тартипте турак жайга же аны жакшыртууга муктаж болгон жергиликтүү соттордун судьяларына кызматтык турак жай берет же турак жайды ижарага алууга байланыштуу чыгымдарды компенсациялайт же турак жай шарттарын жакшыртуу үчүн сот тутумунун бюджетинен финансы каражаттарын бөлүп берет;

- судьялардын жана сот тутумунун турак жайга муктаж кызматкерлеринин борбордоштурулган эсебин жүргүзөт;

- жергиликтүү соттордун, сот приставдарынын кызматынын ишин кадрдык жактан камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасынын судьяларын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын окутуу жана квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча Жогорку соттун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектеби менен өз ара аракеттенет;

- электрондук сот өндүрүшүн жана иш кагаздарын жүргүзүү үчүн зарыл болгон автоматташтырылган маалыматтык-укуктук тутумдарды иштеп чыгууну жана киргизүүнү уюштурат;

- Сот департаментинин аймактык бөлүмдөрүн башкарат, алардын ишин материалдык-техникалык жана башка жактан камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун, алардын аппараттарынын, Сот департаментинин жана анын бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу жагынан камсыз кылуу боюнча башка чараларды ишке ашырат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сот органдарынан чыккан расмий документтерге апостиль коет;

- Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча укуктук жардам көрсөтөт.

7.2. Сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо чөйрөсүндө:

- мыйзамдарда каралган тартипте Сот приставдарынын кызматынын ишин координациялайт жана контролдойт;

- Сот приставдар кызматынын иш тажрыйбасын жалпылайт, ушул негизде методикалык сунуштарды иштеп чыгат, ошондой эле кызматтын иш чөйрөсүнө тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат;

- Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн ишине уюштуруучулук жана методикалык жетекчиликти камсыз кылат;

- сот приставдарынын ишинин статистикалык эсебин жүргүзөт.

7.3. Өз ишин колдоо чөйрөсүндө:

- судьялардын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун аппараттарынын мамлекеттик кызматчыларынын жана сот приставдарынын жүктөмүнүн ченемдери боюнча тиешелүү органдар менен бирдикте илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгат;

- өз компетенциясынын чегинде жарандардын жана юридикалык жактардын даттанууларын, арыздарын, сунуштарын карайт;

- жергиликтүү соттордун ишин тийиштүү уюштуруу жагынан камсыз кылуу, сот актыларын жана башка органдардын актыларын аткаруу маселелери боюнча укук коргоо жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенет;

- өз компетенциясынын чегинде эл аралык макулдашууларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат, эл аралык долбоорлорду жана программаларды ишке ашырууну камсыз кылат;

- берилген ыйгарым укуктардын алкагында Сот департаментинин компетенциясына кирген маселелер боюнча эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырат;

- Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана сот приставдарынын кызмат бөлүмдөрүнүн кадрларын тандоо, жайгаштыруу жана квалификациясын жогорулатуу маселелеринде мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишине көмөк көрсөтөт;

-Сот департаментин материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну жана каржылоону, бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту уюштурат, Сот департаментинин жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин материалдык жана социалдык

жактан камсыз кылуу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат, ошондой эле өз ишин уюштуруу боюнча башка чараларды көрөт;

- жыл сайын Судьялар кеңешине жана Жогорку соттун төрагасына Сот департаментинин иши жөнүндө отчет берет;

- ички контролдоо системасынын натыйжалуулугуна, финансылык жана башкаруу маалыматтарынын ишенимдүүлүгүнө жана аныктыгына, иштин жана башкаруунун натыйжалуулугуна, үнөмдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна, активдердин сакталышына талдоо жүргүзөт, баа берет жана мониторинг жүргүзөт;

- коомчулук менен, жалпыга маалымдоо каражаттары менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат;

- мыйзамдарга ылайык архивдик документтерди комплектөө, сактоо, эсепке алуу жана пайдалануу боюнча иштерди жүргүзөт.

## IV. Сот департаментинин укуктары

8. Сот департаменти өз компетенциясынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук, жеке мекемелерден, уюмдардан жана ишканалардан, алардын кызмат адамдарынан Сот департаментинин милдетин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, документтерди жана материалдарды белгиленген тартипте суратууга жана алууга;

- Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү сот аппараттарынын мамлекеттик кызматчыларынын аракеттерине жарандардын жана юридикалык жактардын даттанууларын жана арыздарын текшерүүнү жүзөгө ашырууга;

- Сот департаментинин компетенциясына кирген маселелер боюнча Президенттин Администрациясы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, анын комитеттери жана башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырууга;

- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине, Министрлер Кабинетине жана Жогорку Кеңешине жергиликтүү соттордун судьяларынын, жергиликтүү соттордун аппараттарынын, Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларынын эмгек шарттарын жакшыртуу, материалдык жана социалдык жактан камсыз кылуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;

- Сот департаменти, анын аймактык бөлүмдөрү, ошондой эле Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн, жергиликтүү соттордун аппараттарынын жана башка кызматчылардын эмгек тартибин сакташына жана кызматтык милдеттерин аткарышына контрол жүргүзүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чараларды көрүүгө;

- соттордун, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн иштеши үчүн тийиштүү шарттарды түзүү максатында чарбалык ишти жүргүзүүгө;

- Сот департаментине жүктөлгөн милдеттерди аткарууга көмөк көрсөтүү үчүн эл аралык, коомдук уюмдардын финансылык каражаттарын мыйзамдарда белгиленген тартипте тартууга;

- мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенүү жөнүндө макулдашууларды түзүүгө;;

-жарандык-укуктук келишимдерди түзүүгө, соттордо доогер жана жоопкер болууга;

-мамлекеттик ишканаларды (мекемелерди)түзүүгө;

- Жогорку соттун жана Судьялар кеңешинин төрагасынын макулдугу менен ведомстволук уюмдарды, ишканаларды жана мекемелерди түзүүгө, кайра уюштурууга жана жоюуга;

- мыйзам долбоорлоо, эксперттик, изилдөө иштерин аткаруу жана консультация берүү үчүн илимий уюмдарды, мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин жана

уюмдардын кызматкерлерин, эксперттерди жана башка адистерди белгиленген тартипте тартууга;

- мыйзамдарда каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

## V. Сот департаментинин милдеттенмелери жана жоопкерчилиги

9. Сот департаментинин милдеттери жана жоопкерчилиги, ошондой эле Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларынын аракеттерине даттануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын ченемдери, Кыргыз Республикасынын "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамы жана тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат.

10. Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдарынын кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчылары, кенже жана техникалык тейлөөчү персоналдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, юридикалык жана жеке жактардын мыйзам тарабынан корголуучу укуктарын жана кызыкчылыктарын так сактоого милдеттүү.

11. Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчылары, ошондой эле кенже тейлөөчү жана техникалык персоналдын кызматкерлери өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

## VI. Сот департаментинин түзүмү жана ишин уюштуруу

12. Сот департаментин Судьялар Кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы кызматка дайындачу жана кызматтан бошотуучу директор жетектейт.

13. Сот департаментинин директорунун орун басарлары бар.

14. Директордун орун басарларын кызматка дайындоо жана бошотуу Сот департаментинин директорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан жүзөгө ашырылат.

15. Сот департаменти борбордук аппараттан, ага баш ийген аймактык бөлүмдөрдөн: облустук башкармалыктардан (облустук деңгээлде) жана Сот приставдар кызмат (шаардык жана райондук деңгээлдер) бөлүмдөрүнөн турат.

16. Сот департаментинде 9 адамдан турган коллегия түзүлөт, ал жергиликтүү соттордун, сот өз алдынча башкаруу органдарынын, Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруучулук, кадрдык, укуктук жана ресурстук камсыздоо маселелерин карайт, ошондой эле Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн ишинин жыйынтыктарын талкуулайт жана баалайт жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрү отчеттук мезгилде Жогорку соттун төрагасына жана Судьялар кеңешине берилүүчү Сот департаментинин жылдык отчетун бекитет.

Коллегиянын мүчөлөрү болуп директор (коллегиянын төрагасы) жана директордун орун басарлары эсептелет. Коллегиянын калган мүчөлөрү Сот департаментинин директорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан бекитилет. Коллегиянын иши Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын буйругу менен бекитилген Жобо менен жөнгө салынат.

17. Сот департаментинин борбордук аппаратынын, анын аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларынын түзүмүн жана штаттык санын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан ыйгарым укуктуу органдын мамлекеттик кызматчыларынын жалпы штаттык санынын чегинде Жогорку соттун төрагасы менен макулдашуу боюнча Сот департаментинин директору бекитет.

Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңеши / Совет судей Кыргызской Республики

18. Сот приставдары кызмат бөлүмдөрүнүн түзүмүн жана штаттык расписаниесин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан ыйгарым укуктуу органдын мамлекеттик кызматчыларынын жалпы штаттык санынын чегинде Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашуу боюнча Сот департаментинин директору бекитет.

19. Ведомстволук уюмдардын, ишканалардын жана Мекемелердин кызматкерлеринин түзүмүн жана штаттык расписаниесин Жогорку соттун төрагасы менен макулдашуу боюнча Сот департаментинин директору бекитет.

20. Жергиликтүү соттордун аппараттарынын кызматкерлеринин чектик саны, алардын түзүмдөрү жана штаттык саны жергиликтүү соттордун төрагалары менен макулдашылган Сот департаментинин директорунун сунушу боюнча Судьялар кеңеши тарабынан чыгымдардын сметасынын чегинде белгиленет;

- жергиликтүү соттордун аппараттарынын иши сот департаментинин директорунун сунушу боюнча Жогорку соттун төрагасы бекиткен жергиликтүү соттун аппараты жөнүндө бирдиктүү Жобо менен жөнгө салынат.

21. Сот департаментинин борбордук аппаратынын, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн кенже тейлөөчү жана техникалык персоналынын чектик санын алардын түзүмүн жана штаттык санын тиешелүү жетекчилердин сунушу боюнча Судьялар кеңеши менен макулдашуу боюнча Сот департаментинин директору белгилейт жана бекитет.

22. Сот департаментинин директору:

- жеке башкаруунун негизинде Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн, анын ичинде Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн ишине жалпы жетекчилик кылат жана ага жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат;

- белгиленген тартипте эл аралык байланыштарды ишке ашырат, мамлекеттик бийлик органдары, мамлекеттик, коомдук жана башка органдар, эл аралык уюмдар менен мамилелерде Сот департаментинин атынан чыгат;

- директордун орун басарларынын ортосунда кызматтык милдеттерди бөлүштүрөт;

- мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте Жогорку Кеңештин, Министрлер Кабинетинин, Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, судьялар Кеңешинин жыйналыштарына, ошондой эле Сот департаментинин компетенциясына кирген маселелер боюнча башка мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин, уюмдардын иштерине катышат;

- ведомстволук уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин уставдарын, Сот департаментинин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү жана анын аймактык бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду, ошондой эле Сот департаментинин коллегиясынын Регламентин бекитет;

- Сот департаментинин түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн ишин уюштурат жана камсыз кылат, алардын жетекчилеринин отчетторун угат;

- ведомстволук уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин ишин координациялайт, алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча бардык зарыл чараларды көрөт, алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сакташына контролдук кылат;

- жергиликтүү соттордун кредиттерин тескөөчү болуу менен республикалык бюджетте каралган сот тутумунун бюджетине ылайык жергиликтүү соттордун ишин каржылоону камсыз кылат;

- Сот департаментинин жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын жана башка кызматчыларын, кенже тейлөөчү жана техникалык персоналынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана бошотот, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бир аймактык бөлүмдөн башка аймактык бөлүмгө которууну жана ротациялоону (которууну) жүргүзөт;

- жергиликтүү соттун төрагасынын сунушу жана жергиликтүү соттун судьясынын жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча судьялардын жардамчыларын дайындайт жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бошотот;

- тиешелүү жергиликтүү соттордун төрагаларынын сунушу боюнча мамлекеттик кызматчыларды жана башка кызматчыларды, жергиликтүү соттордун аппараттарынын кенже тейлөөчү жана техникалык персоналынын кызматкерлерин дайындайт жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызмат ордунан бошотот;

- ведомстволук уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот;

- жергиликтүү соттордун, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн аппараттарынын жана сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларына белгиленген тартипте класстык чендерди, атайын класстык чендерди ыйгарат;

- Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларына жана башка кызматчыларына, тиешелүү жергиликтүү соттордун төрагаларынын сунушу боюнча жергиликтүү соттордун аппараттарынын мамлекеттик кызматчыларына жана башка кызматчыларына карата сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот;

- өзүнүн компетенциясынын чегинде Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү соттордун аппараттарынын кызматкерлери аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, алардын аткарылышын контролдойт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

23. Директор өзүнүн ыйгарым укуктарын: мамлекеттик кызматчыларды кызматка дайындоо жана бошотуу боюнча, сот тутумунун мамлекеттик кызматчыларына карата мыйзамдарда белгиленген тартиптик мүнөздөгү чараларды колдонуу боюнча аймактык бөлүмдөрдүн башчыларына өткөрүп берүүгө укуктуу.

24. Директордун орун басары - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык буйруктарды жана тескемелерди чыгарууга укуктуу.

25. Директор жок болгон учурда буйруктарды чыгаруу укугу Сот департаментинин директору аныктаган орун басарлардын бирине берилет.

26. Директор жана анын орун басарлары коррупциянын алдын алуу, коррупциялык көрүнүштөрдү пайда кылуучу себептерди жана шарттарды жоюу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

## VII. Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын укуктук жана социалдык жактан коргоо

27. Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана сот приставдарынын кызматтарынын бөлүмдөрүнүн мамлекеттик кызматчыларын жана башка кызматчыларын укуктук жана социалдык жактан коргоо мамлекеттик жарандык кызмат, социалдык, пенсиялык камсыздандыруу, эмгек маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдардын алкагында камсыз кылынат.

## VIII. Сот департаментинин ишин токтотуу

28. Сот департаментинин, анын аймактык бөлүмдөрүнүн жана Сот приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн иши кайра уюштурулганда же жоюлганда токтотулат. Сот департаментин кайра уюштуруу же жоюу, Сот департаментинин аталышын өзгөртүү, ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же болбосо аны жаңы редакцияда кабыл алуу жөнүндө чечим Жогорку соттун төрагасынын сунушу боюнча Судьялар кеңеши тарабынан жүзөгө ашырылат.

29. Сот департаментинин иши токтотулган учурда анын ишинин жүрүшүндө келип чыккан документтер Кыргыз Республикасынын архив фонду жөнүндө мыйзамдарга ылайык сакталат жана пайдаланылат.